# Клиникалык дисциплиналар1 кафедрасынын №6 кафедралык жыйынынын баяны.

**15-январь- 2026-жыл.**

**Жыйындын торайымы**: Эсенгелди к.А.

**Жыйындын катчысы**: Мусаева Б.С.

**Катышкандар:** 30

**Күн тартиби:**

1. **2025–2026-окуу жылынын I-жарым жылдыгы боюнча отчетторду талкуулоо.**
2. **Экзамендин жыйынтыктарын талкуулоо.**
3. **Бутуруучу курстардын суроо-тапшырмаларын карап чыгуу жана толуктоо, сапатына баа берүү.**
4. **Аккредитацияга даярдык көрүү маселеси.**
5. **Ар түрдүү маселелер.**
   **5.1. Электрондук журналдардын толтурулушун көзөмөлдөө.**

**Угулду:**

**Жыйындын төрайымы, кафедра башчысы Эсенгелди к.А. катышуучуларды күн тартиби менен тааныштырды.**

**Биринчи маселе боюнча:**

**Кафедра башчысы Эсенгелди к.А. сөз сүйлөдү:**

**«Урматтуу кесиптештер, өзүңүздөргө маалым болгондой, 2025–2026-окуу жылынын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы чыгарылды. Отчеттук маалыматтарга ылайык, сандык жана сапаттык көрсөткүчтөр жалпы алганда канааттандырарлык деңгээлде. Бирок айрым дисциплиналар боюнча сапаттык көрсөткүчтөрдүн төмөн экендиги аныкталды. Аталган предметтердин окутуучулары бул маселени тереӊ талдап, экинчи жарым жылдыкта мындай көрүнүш кайталанбашы үчүн тиешелүү чараларды көрүүсү зарыл. Ошондой эле экзамендик суроолордун санына жана татаалдыгына кайрадан талдоо жүргүзүү сунушталат».**

**Сөзгө чыкты: Кафедранын улук окутуучусу Мурзабек к.А.:**

**«Биринчи жарым жылдыктын жыйынтыгы боюнча айрым предметтерде сапаттык көрсөткүчтөрдүн төмөн болушунун себептери талданды. Негизги себептер катары студенттердин даярдык деңгээлинин жетишсиздиги, экзамендик суроолордун татаалдыгы жана окуу материалдарынын көлөмүнүн көптүгү белгиленди.**

**Экинчи жарым жылдыкта сапаттык көрсөткүчтөрдү жогорулатуу максатында экзамендик суроолорду оптималдаштыруу, практикалык сабактарды күчөтүү, студенттер менен кошумча иштерди уюштуруу жана консультациялардын санын көбөйтүү сунушталат».**

**Экинчи маселе боюнча:**

**Экзамендердин жыйынтыктары талкууланып, студенттер кайсы предметтер боюнча жакшы натыйжаларга жеткендиги жана кайсы дисциплиналарда көйгөйлөр бар экендиги аныкталды.**

**Окутуучуларга проблемалуу предметтер боюнча окуу процессин жакшыртуу боюнча сунуштар берилди.**

Үчүнчү маселе боюнча:

Кафедра башчысы жыйындын катышуучуларын бүтүрүүчү курстардын студенттери үчүн түзүлгөн суроо-тапшырмалардын мазмуну, структурасы жана сапаты боюнча маалымат менен тааныштырды. Ал суроо-тапшырмалар мамлекеттик билим берүү стандарттарына, окуу программасына жана силлабуска ылайык түзүлгөндүгүн белгиледи. Ошондой эле суроолор студенттердин теориялык билимин, клиникалык ой жүгүртүүсүн жана практикалык көндүмдөрүн текшерүүгө багытталгандыгын айтты.

Кафедранын окутуучулары суроо-тапшырмаларды талкуулап, айрым темалар боюнча кошумча суроолорду киргизүү, клиникалык учурлар (кейс-тапшырмалар) менен толуктоо жана тесттик суроолордун сапатын жогорулатуу боюнча сунуштарын беришти.

Сөзгө чыгышты:
Окутуучулар суроо-тапшырмаларды түзүүдө студенттердин өз алдынча ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө, дифференциалдык диагностика жүргүзүү жана туура дарылоо тактикасын аныктоо жөндөмдөрүн баалоого багытталган тапшырмаларды көбөйтүү зарылдыгын белгилешти. Ошондой эле бардык суроолор окуу программасына толук шайкеш келтирилип, мазмуну жаңыртылып, толукталгандыгы айтылды.

4-маселе боюнча:
Аккредитацияга даярдык көрүү максатында кафедранын окутуучулары белгиленген стандарттар боюнча жүргүзүлгөн иштер тууралуу маалымат беришти. Ар бир стандарт боюнча аткарылган иштер каралып, талданды.
Сөзгө чыкты: Кафедранын улук окутуучусу Ажимаматова Рахима Момуновна, аккредитациялык стандарттар боюнча аткарылган иштер тууралуу кеңири маалымат берди:
«Аккредитацияга даярдык көрүү алкагында кафедра тарабынан белгиленген стандарттар боюнча системалуу иштер жүргүзүлдү. Атап айтканда, биздин 5-стандартты айтсам окутуучулардын илимий-изилдөө ишмердүүлүгү, публикациялары, конференцияларга катышуусу жана квалификациясын жогорулатуу боюнча маалыматтар топтолуп, системалаштырылды.
Студенттердин билим деңгээлин баалоо, академиялык жетишкендиктерин мониторинг жүргүзүү, практикалык даярдыгын күчөтүү боюнча иш-чаралар уюштурулду. Ошондой эле материалдык-техникалык база, клиникалык базалар менен кызматташтык, санариптик ресурстарды колдонуу жана электрондук журналдардын жүргүзүлүшү боюнча иштер каралды.
Аккредитациялык стандарттардын талаптарына ылайык айрым кемчиликтер жана көйгөйлөр аныкталып, аларды жоюу боюнча конкреттүү сунуштар иштелип чыкты. Алдыдагы мезгилде документтерди толуктоо, окуу процессин жакшыртуу жана сапатты камсыздоо боюнча иштерди улантуу зарыл экендиги белгиленди .

Төртүнчү маселе боюнча: Кафедранын окутуучусу Карабекова Н. сөз сүйлөдү:
«Электрондук журналдарды өз убагында жана талапка ылайык толтуруу ар бир окутуучунун түздөн-түз милдети болуп саналат. Электрондук журналдарда сабактардын өтүлүшү, студенттердин катышуусу жана баалоо жыйынтыктары так жана өз учурунда чагылдырылышы зарыл.
Ошондуктан бардык окутуучулардан электрондук журналдарды өз мөөнөтүндө толтурууну, маалыматтарды так жана жоопкерчилик менен киргизүүнү өтүнөбүз. Бул окуу процессинин сапатын камсыздоодо маанилүү роль ойнойт».

**ТОКТОМ:**

1. **2025–2026-окуу жылынын биринчи жарым жылдыгынын отчету канааттандырарлык деп баалансын.**
2. **Айрым дисциплиналар боюнча сапаттык көрсөткүчтөрдү жогорулатуу үчүн тиешелүү чаралар көрүлсүн.**
3. **Бүтүрүүчү курстардын суроо-тапшырмалары каралып чыгып, тиешелүү өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин.**
4. **Суроо-тапшырмалардын сапаты канааттандырарлык деп баалансын жана окуу программасына ылайык колдонууга сунушталсын.**
5. **Экзамендик суроолордун мазмуну жана татаалдыгы кайрадан каралып чыксын.**
6. **Аккредитацияга даярдык көрүү боюнча иштер улантылсын.**
7. **Электрондук журналдар өз убагында жана талапка ылайык толтурулсун.**

Төрайым: м.и.к. доцент: Эсенгелди к.А.

Катчы: Мусаева Б.С.